1.6.

# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН ОКУУ-ТАРБИЯ ИШТЕРИ БОЮНЧА ДИРЕКТОРДУН ОРУН БАСАРЫНЫН КЫЗМАТТЫК НУСКАМАСЫ

МАКУЛДАШЫЛДЫ
№ 97 мектебинин директору

____________________

____________________
________________2023

БЕКИТЕМИН
Ленин райондук
Билим берүү
борборунун директору

Т.Э.Темиркапова
________________2023

№ 97 мектептин директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын кызматтык милдеттери:

1. Жалпы жоболор

1.1. Бул кызматтык нускама Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Эмгек кодексинин, «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө», «Коррупцияга каршы күрөшүү жөнүндө» мыйзамдарынын негизинде иштелип чыкты;

1.2. Директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Бишкек шаарынын Ленин райондук Билим берүү борборунун жетекчиси тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат (мектеп директорунун сунуштамасын эске алуу менен же макулдашуусу менен;

1.3. Директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын жогорку кесиптик билими жана педагогикалык же жетекчилик иште 3 жылдан кем эмес иш стажына ээ болуусу милдет;

1.4. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары түздөн-түз мектептин директоруна баш иет;

1.5. Усулдук бирикменин жетекчилери, мугалимдер, тарбиячылар, класс жетекчилер, китепканачылар, лаборанттар директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына түздөн-түз баш ийет;

1.6. Директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын жетекчиликке алат;

2. Кызматтык милдеттери

Мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

**2.1.** Мектепте окуу-тарбиялоо процессин уюштурат, аларга жетекчилик кылат жана бул процесстин өнүгүүшүн көзөмөлдөйт;

**2.2.** Педагогикалык жамаатка методикалык жетекчилик кылат;

**2.3.** Окутуу процессинде коопсуздук техникасынын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылат;

**2.4.** Педагогикалык жааматтын ишин уюштурат жана көзөмөлдөйт;

**2.5.** Педагогикалык жаамат менен биргеликте билим берүү уюмунун өнүгүшүнүн негизги багыттарын иштеп чыгат;

**2.6.** Педагогикалык кызматкерлердин методикалык иштерин көзөмөлдөйт жана камсыз кылат;

## 3. Көзөмөлдөйт:

- "Билим берүү жөнүндө", "Мамлекеттик тил жөнүндө", "Коррупцияга каршы туруу жөнүндө" мыйзамдарынын аткарылуусун көзөмөлдөйт;
- билимдин өнүгүшүнүн жана тарбиянын Концепциясынын ишке ашырылуусун көзөмөлдөйт;
- жаш адистердин ишмердүүлүгүн кароо;
- Методикалык кызматынын ишин кароо;
- шыктуу балдар менен иштейт, олимпиада, сынактарга мектеп окуучуларын даярдайт жана катышат;
- бүтүрүүчүлөрдү Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга даярдайт жана көчүрүү сынактарын өткөрөт;
- педагогикалык жааматтын окуу-тарбия боюнча учурдагы жана келечектеги иштерин пландаштырат;
- окутуучулар үчүн туруктуу түрдө илимий-практикалык семинарларды уюштурат;
- билим берүү уюмунун ичинде конференцияларды өткөрөт;
- педагогикалык жамаат менен бирдикте окуу планынын мектеп компонентин түзөт жана анын аткарылышын камсыз кылат;

## 4. Уюштурат:

- жаш адистер менен иш алып барат;
- таланттуу балдар менен иштейт, мектеп окуучуларын сынактарга даярдайт жана катышуусун көзөмөлдөйт;
- педагогикалык жааматтын окуу-тарбия учурдагы иштерин перспективдүү пландаштырат;
- илимий-изилдөө иштерине илимий методикалык жана эксперттик кеңештерге, мугалимдердин илимий-иштерине жетекчилик кылат;

- окутуучулар үчүн туруктуу илимий-практикалык семинарларды өткөрүүнү уюштурат;
- Билим берүү уюмунун ичинде конференцияларды өткөрөт;

## 5. Жетектейт:

- мугалимдердин эмгек акысына табель, тарифтештирүүң жүргүзөт;
- ден соолугуна байланыштуу дене тарбиядан бошотулган балдарды эсепке алат;
- балдардын сабакка катышуусун эсепке алат;
- санитардык-гигиеналык режимди сактоого, педагогикалык жамааттын эмгегин коргоого байланышкан иштерди алып барат;

## 6. Түзөт:

- сабактын жүгүртмөсүн түзөт;
- мектеп боюнча отчетторду, окуучулардын жүрүм-туруму жөнүндө маалыматтарды, күбөлүктөрдү, аттестаттарды, сынактардан бошотуу боюнча документтердин бланктарын толтурат;
- Билим берүү уюмунда инновациялык процесстерди өнүктүрүү үчүн оптималдуу шарттарды түзөт;
- окуу процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизет, педагогикалык советтин ишине катышат;
- педагогикалык кызматкерлерге инновациялык программаларды жана технологияларды киргизүүдө жана адаптация алууда жардам берет.

## 7. Ишке ашырат

**3.1.** Мугалимдердин тажрыйбасында жалпылоо жүргүзөт;

**3.2.** Окуу кабинеттерин заманбап жабдуулар, көрсөтмө куралдар жана окутууну техникалык каражаттар менен жабдуу, китепкананы окуу-методикалык көркөм адабияттар, журнал жана гезиттер менен толуктоо боюнча чараларды көрөт;

**3.3.** Мектептин маалымат блогунун абалы жана аны толтуруу үчүн жооптуу (класстардын тизмеси, окуучулардын өздүк делолору, класстык журналдар ж.б белгиленген отчеттук документацияны өз убагында даярдалышын камсыз кылат;

**3.4.** Билим берүү уюмун өнүктүрүүнүн концепцияларын жана программаларын иштеп чыгат, окуу жылы аяктагандан кийин лицензиялоонун кезектеги этабына аналитикалык материалдарды даярдайт;

**3.5.** Педагогдун коомдук абалына ылайык мектепте, тиричиликте, коомдук жайларда жүрүм-турумдун этикалык нормаларын көзөмөлдөйт;

**3.6.** Түздөн түз баш ийген ар кандай бөлүмдөрдүн жана адамдардын жумушчу документтерине көзөмөл кылуу жана ондоолорду киргизет;

**3.7.** Өздүк кызматтык иштерди аткаруу үчүн жетекчиликтен маалыматтык материалдарды жана укуктук документтерди алат жана пайдаланат, окуу-жайдын талабы менен аткарылган ар түрдүү аткаруучулардын иштерин кабыл алат.

## 8. Укуктар

Директордун орун басары өзүнүн компетенциясынын чегинде төмөнкүлөргө укуктуу:

- түздөн түз баш ийген кызматкерлер өткөргөн ар кандай сабактарга катышуу ( сабак учурунда мугалимге эскертпестен кирип, катышуу) милдеттүү буйрук берүү;
- орто жана жогорку класстын окуучуларын окутуу-тарбиялоо процессин үзгүлтүккө учураткан жоруктары үчүн тартиптик жоопкерчиликке тартуу жүргүзөт;

## 9. Катышуу:

- тиешелүү стратегиялык документтерди түзүүдө мектептин билим берүү саясатын жана стратегиясын иштеп чыгууда катышат;
- мектептин окуу-иштери боюнча мектептин өнөктөшү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө, педагогдорду аттестациядан өткөрүүдө кптышат;
- педагогикалык кеңешменин ишинде катышат;

## 10. Сунуштарды киргизүү:

- башталгыч жана орто мектепте конкреттүү окуу долбоорлорун баштоо же токтотуу жөнүндө сунуш киргизет;
- түздөн түз баш ийген жана башталгыч, орто мектепте окуу процессин камсыз кылган кызматкерлерди моралдык жана материалдык жактан стимулдаштыруу, багыт берүү жөнүндө сунуш киргизет;
- негизги жана жогорку мектептин ишин өркүндөтүү тууралуу сунуштарды киргизет;

## 11. Талаптар:

- мектеп жамаатынын пландары жана программалары (милдеттүү) компенсациялоо жана мүмкүн болуучу терс кесепеттерди жоет:

- башталгыч жана жогорку мектептердин окуу-процессинин катышуучуларынын кесиптик этиканын нормаларын жана талаптарын сактоону, мектеп коллективи тарабынан кабыл алынган пландарды жана программаларды ишке ашырат;
- өздүк квалификациясын жогорулайт;

## 12. Жоопкерчилик

Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары төмөнкүлөргө жооптуу:

- билим берүү уюмунун педагогикалык курамынын квалификациясынын деңгээли, окуу пландарына жана окуу процессинин графигине ылайык билим берүү программаларын ишке ашырат, окуучуларга билим берүүнүн жана тарбиялоонун сапатын, билим берүү уюмунун окуу процессинде эмгектин ченемдерин жана эрежелерин сактайт жана коргойт;
- уставды жана ички эмгек тартибин, директордун мыйзамдуу буйруктарын жана башка жергиликтүү ченемдик актыларды, кызматтык милдеттерди берилген инструкцияга ылайык себептерсиз талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн, анын ичинде тарбия иштери боюнча директордун орун басарына берилген укуктарды пайдаланбагандыгы үчүн, ал эмгек мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылат. Эмгек милдеттерин одоно бузгандыгы үчүн, жумуштан бошотуу-дисциплинардык жаза катары колдонулат;
- эмгекти коргоонун, окуу процессин уюштуруунун, санитардык-гигиеналык эрежелерин бузгандыгы үчүн директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары административдик мыйзамдарда каралган тартипте мыйзамга ылайык жоопкерчиликке тартылат;
- билим берүү уюмуна же билим берүү процессинин катышуучуларына өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруусуна (аткарбагандыгына) байланыштуу зыян келтиргендиги үчүн, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары эмгек жана (же) жарандык мыйзамдарда белгиленген тартипте жана чектерде материалдык жоопкерчилик тартат.

Кызматтык милдеттерин түзгөн:

Кадрдык маселелер боюнча адис

Молобалиева А.У.

12 январь 2023

Кызматтык милдеттер макулдашылды:

Укуктук маселелер боюнча башкы адис Асылбекова К.

____________2023

Тааныштым: 97 мектептин директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары: Шадыбекова Ж.Т.